Скырг
А 36

Айтбаева Н.Ш.

# Эне - эс алуучу бак, ата сүйөнүүчү тоо

Скырп
А 36

# Эне – эс алуучу бак, ата – суйөнуучу тоо



Токтогул Сатылганов атындагы
Ош облустук китепкана
АБОНЕМЕНТ

Токтогул Сатылганов
атындагы
Ош облустук китепкана
ИНВ № 488528

УДК 821.51-3
ББК 84 (5 Кир)-44
А 37

**Айтбаева, Н.Ш.**
А 37 Эне - эс алуучу бак, ата - сүйөнүүчү тоо.
– Б.: 2023. – 40 б., + 8 б. фото.

ISBN 978-9967-9096-7-0

АТА – ыйык сөз. Ата тирүү кезинде Аалам тегиз көрүнүп, эч нерседен кам санабай, көңүлүң жай болот. Ата аска-тоо деп бекеринен айтылбаган чыгаар. Канчалаган жакшы сөз, ыраазычылык айтсак да, ата үчүн аздык кылаар...

УДК 821.51-3
ББК 84 (5 Кир)-44
ISBN 978-9967-9096-7-0
© Айтбаева Н.Ш, 2023

# ӨМҮРДҮН ЭҢ СОНУН УЧУРУ – АТА-ЭНЕ МЕНЕН БИРГЕ ӨТКӨРГӨН МЕЗГИЛ

АТА – ыйык сөз. Ата тирүү кезинде Аалам тегиз көрүнүп, эч нерседен кам санабай, көңүлүң жай болот. Ата аска-тоо деп бекеринен айтылбаган чыгаар. Канчалаган жакшы сөз, ыраазычылык айтсак да, ата үчүн аздык кылаар...

Мына ушул атага болгон ыйык сезимди айтып бүтө албаган, атага болгон кусасы, урматтоосу чексиз кайнежем бар. Москва шаарына келгенде, эжем убакытты бекер өткөрбөй биздин кийинки муун билип жүрсүн деп атабыз, чоң атабыз жөнүндө китепче чыгарууну эп көрүп, сунушун айтты. Эжем атабыз, чоң атабыз тууралуу кээде күлүп, кээде көзүнө жаш алып, башкача сезим менен айтып берди. Жолугуша албай калганда унутуп калбайын деп дептерге жазып жүрдү. Мекенге кайтаарда аманат сага деп, мага тапшырып кетти...

## АСТРА ГҮЛҮ

***(Кайнатамдын жаркын элесине арналат)***

Атыр жыты бакчамда бар түшүнөмүн...
Астра гүлүн урматтаймын, өстүрөмүн,
Ар жыл сайын гүлдөрүм ачылганда,
Сагыныч менен сизди эске түшүрөмүн.

Күлө карап, гүлдөрдү сиз аярлап,
Кызым эккен дээр элеңиз аралап.
Арык бойлоп, суугарууга гүлдөрдү,
Таңды тоссор элеңиз бакчадан.

Короо толгон гүлзар көккө бөлөнүп,
Жалбырактар көрк берип көгөрүп.
Кубат алып, гүлбакчага көз салып,
Тураар элеңиз кетменге сиз жөлөнүп.

Астра гүлдөп, эсте жүрөс, бирок сиз,
Ошол бактан, бакчадан алыс чыраксыз.
Балдарыма айтып жүрөм дастандай,
Неберееге түгөнбөгөн жомоксуз...



Бош убактымда жазып, даярдап жүрдүм.
Жазган сайын жаштар, кийинки муундар деп, жан күйгүзгөн эжеме ыраазы болуп жаттым. Ата-энени урматоону үйрөтүү, ислам менен ыймандуу, акылдуу, билимдүү болуп чоңоюшса деген тилеги бар экени ачык көрүнүп турат. Анда эмесе, окурманым, бул жазылган чыгарма Абдыкапар чоң атабыздын жаркын элесине арналат.

## АТЫ УЛУК АБДЫКАПАР ЧОҢ АТАМ

Чоң атам өзү жалгыз уул болгон. Өзүнөн мурунку төрөлгөн бир туугандары бул дүйнөгө токтобогон экен. Жаш өспүрүм кезим. Сакалын сылап олтурган чоң атамдын кулагына көзүм түштү.

- Чоң ата, кулагыңыз эмнеге көзөлгөн? -, деп сурадым.

- Ээ, кызым, ата – энем мени Алла Тааладан тилеп, сурап, ушундай ырым кылып багышкан экен.

- Эмнеге?- дедим таң кала.

- Төрөлгөн балдары турбай, жүрөкзаада болгон ата-энем, эскичилик ырым кылып, чоң энелер айткандай иттин жүнүнөн жип жасап, көзөлгөн кулагыма өткөрүшүптүр. Күчүктөй көбөйүп, оорубай, өмүрү узун болсун деп алапар итке уялаш кылып баккан экен.

- Күчүктөр менен кошо багыппы?- оозум ачыла.

- Жоок./ каткыра күлүп/. Күчүктөр жаткан уяга бир жаткырып кайра алган. Бир чоң энеме берип,

кайра төрт күндөн кийин сатып алышкан экен. Ошондой ырым менен тирүү калган экенмин.

Чоң атам өзүнүн төрөлгөн күн, жылын билбейт эле.

Азыркы биздин жылдык календарь менен сүйлөбөйт эле. Чоң энемдин айтуусу боюнча Мурзабек атам атасынын 25 жаш мүчөлүндө дейт эле. Мага да айтчу, акеңдин 25 жаш мүчөлүндө төрөлгөнсүң деп. Мурзабек атам 1924- жылы төрөлсө, мен 1949-жылы төрөлгөм. Атам да атасынын мүчөлүндө төрөлгөн болсо, чоң атам 1899-жылы төрөлгөн болот деп болжолдодум. Муса уулу Абдыкапар биздин доордон башкача айтканда революцияга чейинки мезгилде жаштыгы өткөн. Бай-манап, кедейлердин заманы. Ошол кезде басмачылар чыгып, айылдарды тоноп турушкан. Ар бир айылдын өздөрүнүн жигиттери айылын коргоп, багып турушкан. Жигиттердин арасында чоң атабыз Абдыкапар да болгон. Ошентип жашоонун өдө ылдыйын көрүшкөн эл Мурдаштан Ошко чейин келишип, соода сатык кылышып турушкан. Алыш бериш кылып, чөлгө көп түшүшөт. Ош шаарына келгенде, чөлгө келдик дешчү экен. Ат менен каттап, ат улоо деп коюшчу. Кыштын кычыраган бир күндөрүндө Абдыкапар жигиттер менен жолдо Бек Жар айылына келип конуп калат. Бек Жар айылында Беш Мерген деген ууру бар. Ачарчылык болгондо, айылдан беш мергенчи жигиттер чыгып, аң уулап, мергенчилик кылып, элин сактап калган дешет. Ошол себептен Беш Мерген уурусу деп аталып калган. Абдыкапар жигиттери менен аты аталган уурудан Мусакул байдын эшигине түшүшөт. Сый көрүп, түнөшүп



эрте менен жолго аттана башташат. Жолго чыгаар алдында Мусакулдун үйүнө кирип бара жаткан суйкайган сулуу кызды көрөт. Карайт бекен деп үмүттөнсө да карабайт. Чыдамы кетип, эшикке жетейин деп калганда жерден кардан алып томолоктоп, кар менен урат. Кар кыздын желкесине тийсе да, кыз бир бурулуп карап да койбоду. Ошондо бир кылчайып караса, жүзүн көрүп каламбы деген жигиттин жүзү сумсайды. Ошол кызга болгон сүйүүсү күчөп, ичинен ич этин жеп, ушул кызга үйлөнөм деп жөнөп кетет. Мусакулдун Зуура, Асан, Үнүмгүлсүн, Осмон, Адан деген уул-кыздары болгон. Революция башталып, Ата-Мекендик согуш болуп кетти. Асан, Адан деген балдары согушка кетишти. Осмон КГБда иштеп калды. Зуура күйөөгө тийип, өз турмушун улады. Асан согуштан кайтпай калды. Алла Таала колдоп, Адан согуштан тынч аман келди. Согуш бүтүп, Адан көп жыл согуш ардагери болуп, 80 жашында дүйнөдөн кайтты. Ажар деген кемпири менен чогуу Токторбай, Гүлнара деген перзенттүү болушкан. Токторбай мектеп директоруна чейин көтөрүлүп иштеди, азыр ардактуу эс алууда.Гүлнара кызы да мугалим.

Ошентип, Абдыкапар чоң атабыз туугандарын ортого салып жатып, 1924-жылы Мусакул кызы Үнүмгүлсүнгө үйлөнөт.

5 балалуу болушат.

1. Мурзабек
2. Мамазаит
3. Мария
4. Чоен
5. Эрбай

Талдык айылында / 51км/ биринчилерден болуп, 2 бөлмөлүү там үй тургузуп, жашап калышат.

Союз курулуп, орус, татар, чечендер отурукташа баштайт. Орустар үйдүн ичин ак менен актаганды үйрөттү. Кара шыбакта жашаган кыргыздар, бөлмөлөрүн актап, маданияттуу жүрүш турушту үйрөнүп жашай башташты. Чечендердин талыкпай кылган иштерин көрүп таң калышчу. Жаз келгенде балтыркан деген чөптүн тамырын казып жешчү. Эмгекти сүйгөн эл болгон үчүн, жер иштетишип тез эле байып кетишти.

Абдыгапардын балдары чоңоюп, тун уулу Мурзабек өзүнө окшогон кайраттуу, сымбаттуу жигит болду. Өзүнүн кайнежеси Зууранын Мази деген кызын алып берет. Бирок келише албай ажырашып кетишет. Айылга Тээке деген айылдан да эл көчүп келип, көбөйүп отурукташа башташат. Көчүп келгендердин арасында Уулбү деген аял да бир уул, эки кызы менен келип отурукташат. Бойго жеткен кызы бат көзгө көрүнүп, улуу кызы Анаркүлгө куда түшүшөт. Макулдугун алышып, сыйлуу кудалардан болуп калышат. Уулбүнүн Анаркүлдөн башка дагы Ирайла деген кызы, Орозали деген уулу болгон.

Мурзабек көп балалуу болгондуктан Анаркүл «Баатыр Эне» төш белгисин алып, көкүрөгүнө тагынган.

Мурзабектин балдары

1. Бегай
2. /Жаныш/
3. Байыш
4. Аскар
5. Калыш



6. /Кадыр/
7. Байит
8. Жеңиш
9. Канайым
10. Меңишбек
11. Сыргакбек

Экинчи уулу Мамазаит Армияга кетет. Үч жыл кызматын өтөп келип, Лайлига үйлөнүп, алты балалуу болушат.

1. Койчубай
2. Токтокан
3. Камалдин
4. Бозулан
5. Дилбар
6. Алмакан

Мария кызын сый урмат менен Мурдашка турмуш жолуна узатат. Бир уулду болот.

1. Гүлжигит

Чоен баласы да Армияга үч жылдык кызматын өтөп келип, Санамканга үйлөнүп, сегиз балалуу болот. «Баатыр Эне» төш белгисин алат.

1. Баатыр
2. Закир
3. Садыкбай
4. Жылдыз
5. Жигитали
6. Шерали
7. Жыпара
8. Чынара

Кичине уулу Эрбай машина айдап, айдоочулук кесипти аркалап келген. Арзыканга үйлөнүп, жети балалуу болушат.

1. Максатали
2. Айсалкын
3. Чолпон
4. Бермет
5. Айгүл
6. Бурул
7. Сапарали

Бир атадан жалгыз Абдыкапар 38 неберелүү болот. Үнүмгүлсүн байбичеси экөө өтө бактылуу жашашат. Мал чарбасын балдарына өткөрүп берет. Катта-Талдык асыл тукум кой өстүрүү чарбасында үч баласы тең бир короодон мал багышат. Койлорду жакшы багып карашып, совхоз башкармалыгынан мактоо барактарын алышчу. Жылкы фермада да иштешип, Анаркүл флягаларга кымыздарды тапшырчу.

Мамазаит байбичеси Лайли менен көп ийгиликтерди жаратат. Алманколдо сакман багып, көп төл алышчу. Совхозго жүндү пландан ашыкча тапшырышаар эле.

Чоен Санамкан байбичеси менен да ар дайым ийгиликтүү иш алып барышкан.

Эрбай жашынан эле машина айдап, тиричиликке тың болду. 12 жыл военный батальондун машинасын айдаган. Четыри три деп коет экен. Анысы 4 жолу 3 жыл дегени 12 жыл иштегенин аныктайт.

ПАТУда иштейт. Сары Таш, Эркештам, Мургаб, Ишкашим, Хорог, Тажикстан, Душанбеге чейин каттап, эл, жер көргөн. Арзикан байбичеси да көп баланы тарбиялап, кайыната, кайынэненин баталарын алган. Сабиз, картошкаларды гектарлап



эгип, дыйкан аял болду. Алган мол түшүмдөрү Андижан, Ош базарларында сатылчу. Абдыкапар чоң атабыз кенже баласынын колунда болгон. Эрбай Оштон жүк жүктөп келгенде, түнү менен уктабай беш убак намазын окуп, дуба кылчу. Жигитке жетимиш өнөр аздык кылат дегендей чоң атабыз Жылкы таптап, колуна куш кондурган саяпкер болгон. Мурзабек чоң уулу болгон үчүн ага болгон ишеничи чоң болгон. Көп иштерди кеңешип, баарына баш-көз болууга болгон акыл наасатын айтчу. Биринчи неберелүү болгондо кубанычы чексиз болгон. Кыз небере башкача көрүнүп, атын Бегайым койгон. Балканактай кыз, болпоюп, ширин кыз болуп, сүйгүнчүк.

Бегайым беш айлык болуп калган кез. Айт майрамы болуп калат. Айтта жети үйгө кирип даам сызуу керек дешип, айылчылашаар эле. Үнүмгүлсүн байбиче, келини Анаркүл экөө айтташып кеч үйгө кайтышат. Анаркүл арык болгондуктан кызын араң көтөрүп келет. Төшөккө жаткыраарда « Сулкуйбачы, ууф»,- деп жаткырат кызын. Аны угуп калган кайненесинин ачуусу келет.

- Андай сөздү айтпайт. Кызыма көз тийет. Өзүм эле кыз кылып багып алам – деп кызды колуна алат. Эмчек сүтүн эмизип өзү кыз кылып алат. Себеби 9 айлык болгондо уулу жарык дүйнө менен кош айтышып, жерге койгон болчу. Сүтү кайта элек кези. Сүйүктүү небереси кызына айланды. Жаш келин Анаркүл баланын түйшүгүнөн арылганына кубанат жаштык кылып. Кызына каша бышырып келсе, кичине кайниси Эрбай кызганып калчу.

- Апа, Бегайымга өзүңүз бышырып бериңиз,- деп.

Мезгил өтүп билинбей Бегайым суйкайган кыз болуп, үй ичиндеги түйшүктүн баарын колго алып, короодогу малдарга чейин карап чыйрак кыз болуп чоңойду. Колуна кычкач, балкасын алып кашааларды ондойт. А Эрбай жумуштан колу бошобойт. Абдыкапар ата сөзгө чечен адам эле. Жолдош, Ысмайыл, Өмүрзак, Сали ошол там үйдүн көчө тарабындагы отургучта чогулуп олтурушуп, кечке сөздөрү бүтчү эмес.Жолдон Тээке айылына бараткан жолоочуларды

- Оой, келгиле, ак ичип кеткиле,- деп чакыра берчү.

- Ата, таанбаган адамдарды да чакыра бересизби?- деп балалык кылып тултуңдап калчумун.

- Ээ, кызым, адам деген адам менен адам болот. Инсандардын көзүндө мээрими болот. Катташпасаң бир тууган да жат болот, - дечү. Азыр ойлосом ошондо эле атам сүннөт жолунда жашаган адам экен. Бейиши болгур атам бир нерсени алдын ала туюп, сезип турчу экен. Сүйлөшсө көңүл чериңди жаза сүйлөшчү. Көрсө, адамдар сөзүнө кызыгып айланасынан кетишчү эмес экен да. Балдары короодон кабар алганы келишип, шашып жатканын айтышса да,

- Олтур, кеңеше турган иштер бар,- деп, көпкө сүйлөшчү.

Өз үнүн билген наасатын айтып жөнөтчү.

Туугандар арасында кеңешүүдө өтө чоң береке болот экен. Каникул болгондо неберелери Койчубай, Баатыр, Закир, Сыдыкбай келишет эле. Мурзабек атамын балдары таенебиз Уулбүнүкүнө кети-



шээр эле. Себеби үйү жакын тез- тез катташып турушчу. Чоен баласынын үйү да жакын болгон үчүн кечке биздин үйдө көбүрөөк болушчу. Санамкан жеңем менин чачымды өрүп мектепке жөнөтчү. Жеңем кубулжутуп ырдачу. Ошол себептенби Садыкбай акардеондо ырдайт. Төкмөлүк да өнөрү бар. Кыргызстанга таанылган ырчы болсо керек деп ойлочумун. Өзү кызыкпады, талантын бапестеген жок. Баатырды атам генерал деп койчу. Назарына илингенби атамдын Баатыр полковникке чейин көтөрүлүп иштеди. Азыр ардактуу эс алууда.

Койчубай Ош – Талдык каттамында айдоочулук кылып жүрүп, эс алууга чыккан. Мурзабек уулу Жаныш да шайыр, ак көңүл ырдаган бала эле. Асылган оору акыры жалмап, акка моюн сунду. Жаткан жери жайлуу, топурагы торко болсун деп, дуба кылып эскерип турабыз. Иниси Байит азыркы кезде МЧСте үзүрлүү эмгектенет. Эрбай агамдын балдары да өзүнө окшоп айдоочулук кесипти аркалашты. Чоң атабызга окшоп күн-түн дуба кылып, балдарынын сапары байсалдуу болушун тилейт агам.

Мария эжем өмүрүн Мурдаш айылында өткөрдү. Чоң атабызга окшоп, бир эле Гүлжигит аттуу уулдуу болду. Гүлжигит алты уулдуу болду. Анын өмүрлүк жары Нарындын Ат Башысынан эле. Тили ширин келин Гүлжигитти Токмокко көчүрүп алып кетти. Өмүрү кыска экен 2018-жылы каза болду.

Чоң атам Абдыкапар ушунчалык меймандос болгон. Мен күн түн жанында болгон үчүн баары көз алдымда. Чоң энем Үнүмгүлсүн өтө мээримдүү, такыба, эмчи, домчу болгон. Медицина өнүгө

элек мезгил. Тиши, ичи ооруганы да келе беришчү. Толгоо тартып, төрөйүн деп калгандарга да алып кетишчү. Кирнелеп, дем салып, жүрөк мончок куйчу. Чоң ата, чоң эненин сыйкырдуу сөздөрүн угуп чоңойдум. Чоң атам куш салганы жөнөгөндө биринчи тамак ашын берчүүбүз. Сонун минген аты бар болчу. Маңдай бетте төш дөбө бар эле. Ошол жакка аркандап кел деп айтканда, ээри жок атка кичине төшөк салып алып минчүмүн. Колу менен көрсөткөн жерине барып аркандап келчүүмүн. Бир топтон кийин бул үйдүн падышасы тамагын ичип болгончо атты алып келчүүмүн. Үстүнө ээрин токуп, ооздурукту салып, чылбырын ээрдин кашына илип койчумун. Чоң энем тигип берген баштыгын ээрдин кашына илип даярдап койчумун. Үйгө киргенимде, чоң атам тамагын ичип, кийимин кийип даяр болуп турчу.

- Жүрүңүз ата, атыңыз даяр. Дөңсөө жер бар болчу, ошол жерге атын жетелеп, мингизчү элем. Анан үйгө кирип, колума кушун кондуруп алып чыгам. Чоң атам колуна мээлей кийип, пө-пө деп, кызыл эттен бир үзүм көрсөткөндө, куш учуп барып, колуна конот эле. Ошентип уучулукка жөнөп кетөөр эле.

Өз үйүбүздүн ичинин көлдөлөң салынган бир бурчу ушул куштун конооргосу. Куш кыгы менен булгаса да, көбү келип тазалап алып кетишет эле. Жарылбаган жараларга койсо сакаят дешип. Мага өтө таң калыштуу болчу...

Бир күнү үйүбүзгө бир киши кичинекей арык сары кызды ээрчитип келди.

- Ошко бараттым эле. Бул кызды ала келдим- деди да, даам ооз тийип, кызды таштап кетти.



- Бул кыз ким? Кимдин кызы?- деп чоң энемдин жанын койбой сурраймын.

- Кызым, сенин синдиң болот. Аты Рабия- деди.

Үй ичин жыйнап, кайра- кайра кызды карайм.

Чоң энем ыссык чай демдеп, набатынан алып экөөбүздүн чайга салып, жылмая күлдү. Чайдан ууртап, сары кыз жөнүндө айтып берди.

- Чоң атаң куш салып Мурдашка барат. Мария кызынын үйүндө жүрүп калат. Кызынын кайын атасы Сыдык аба экөө куш салып, мергенчиликтен келишет. Мөнөк уурусунан таркаган туугандары конок кылышат. Конок болгон жерде бир күн жүрүшөт. Эрте менен коңшусу Аширкан энебиз кирип келип,

- Абдыкапар сени ушул жесирге үйлөндүрүп коелу деп чечтик дешет. Чоң атам каршы болсо да, кыстоо менен үйлөндүрүшөт. Ал кезде жесирлер көп болуп, сооп болот дешет. Көпкө ошол жакта жүрүп калат. Бирөөлөрдөн угуп, чоң энем Мурдашка барып, чоң атамды алып келе берет. Үй бүлөөнү уруш талашсыз сактап калган чоң энемдин кыйындыгын карап. Акылдуулугуна таң калдым.

Жыл айланып, 1951- жылы Рабия төрөлөт. Менден 2 жаш кичүү кыз мага синди болуп калды. Менде бир аз кызганыч болду, бирок экөөбүз ынтымактуу эже-синди болдук. Азыркы күнгө чейин жакшы катташабыз. Бишкекте жашайт. Келгенде жайлоолорго чыгып, туугандардыкына айылчылап ээрчишип, сөзүбүз бүтпөйт. Бир уул, төрт кызы бар.

1. Бактыбек
2. Нургул

3. Назгүл
4. Бактыгүл
5. Зиягүл

Бишкекке мени да чакырат. Барганымда Ысык Көлгө чейин барып эс алабыз.

Мария эжем кубанып калчу, мага шерик болду, сиңдим деп.

Ошентип бейиши болгур чоң атам бизге бир тууган Рабияны тартуулады. Мурзабек, Мамазаит, Эрбай да жакшы көрүшүп, аябай урматташчу. Рабия сиңдим да аябай ыраазы болуп калат бир туугандарына. Чоң атам Абдыкапар ошол кезде хандай болгон экен. Азыр ошол бала кездеги жашоомдун баарын элестетип карасам. Жашым өтүп, улгайып бара жаткан сайын баарын байкадым. Олтурган орду бийик 4 жер төшөктү кабаттап салынып, 2 жагына жаздыктар коюлчу. Анда мен кресло, диван дегенди билбейт болчумун. Эшиктен кирип караганда, азыркы креслодой болчу экен. Мейман тосууну да чоң атам, чоң энемден үйрөндүм. Бир мисал айтайын, Биз жашаган жерден, жолдун аркы өйүзүндө Сүттүү Булак деген айыл бар. Ошол айылда Сурапбай молдо деген киши жашачу. Бир тууган эжеси кайтыш болот. Чоң атам батага баралбай, үйгө чакыртат.

Базарга мени жөнөтөт. Болгон кургак мөмө жемиш, шириндиктерден алып келдим. Дасторконду көркүнө чыгара жасашты. Чоң атам мага ажаткананы да даярдап кой, кызым деди. Таза шыпырып, идишке кесек майдалап салып, чөгүнгө дараатканага суу даярдап коюп кой деди. Эрбай агама барып, Сурапбай молдону алып кел



деди. Молдону атка мингизип жөнөтүп, өзүң аркасынан жөө келгин деп жөнөттү.

Мейман келгенде кызым биринчи колго суу куюлат. Суу куюп, артың менен чыгып кеткин. Келген адамга артын салбайт деди. Ошентип жакшы коноктоп, жөнөттүк. Аябай кадырлуу адамы экен деп ойлоп калдым. Өзү чоң атам меймандос киши болгон экен да. Жашоомдо чоң атам үйрөткөндөр чоң пайдасын берди.

Алхамдулилла чоң атама, чоң энеме Алла Таалам өзү ыраазы болсун. Жайлары жаннаттан болуп, жаткан жерлери гүлзар болсун!

Токтогул Сатылганов атындагы Ош облустук китепкана ИНВ № 488528

# МОСКВА ШААРЫНДАГЫ ЭС АЛУУМ

2021-жыл, 21-июль. Жай мезгили. Москва шаары. Айтууга оңой болгону менен эң чоң шаар. Экономикасы жетишип, баары сонун. Россия жергесине келип калганымдын да жөнү бар. Марат уулумдун кызы айжан бойго жетип, тойго чакыруу алган элем. Неберемин тою шылтоо болуп, келип калдым. Кудагый менен сүйлөшүп, белгиленген күн да келди. Тойго даярданган данектей неберем Айжан ак көйнөгүн кийгенде, чырайына чыгып, периште кыз болду. Кубанычтын көз жашы көзүмө тегерене түштү. Шаан шөкөт менен күйөө балдарды күтүп, кызды ак бата берип узаттык. Өзүбүз кечинде кафеге бардык. Ак тилек менен келген конокто көп болду. Турмуш жолуна сапар алган эки жашка жакшы каалоор айтылып, мага да сөз кезеги келди.

Толкундануу менен оюма ыр саптар келип жазып алгам.

Айжан атың зор эле,
Буралып өстүң тим эле.
Өз боорумда чоңойдуң,
Сүйүктүү мага небере.

Тал чыбыктай буралып,
Ой максат сенде куралып.
Максатыңа жете гой,
Ачылсын бактың чубалып.



Болотко болдуң аманат,
Кол кармаштың, кош канат.
Бактылуулук жолдосун,
Аллахым өзү колдосун.

Ак батамды берип, жашоосунда жакшылык болуусун гана тиледим...

Москва шаарына биринчи келишим эле. Уулдарды үйлөп, кызды турмушка узаттым деген менен неберелер да бат эле убакыт өтүп, тойлоруна катышып баштайт экенсиң. Жаркынай келиним, чоң энеси катышпаса болбойт деп, чакырып, күтүп алды.

Неберелерим эгиз Айжан, Эржан. Эржан армияда өз кызматын өтөп жатат.

- Айжандын тоюуна келип, Москва шаарындагы жашоону да көрүп кетесиз,- деди Жаркынай.

Айжан Болотбек деген кичипейил, сымбаттуу, жакшы жигитке турмушка чыкты. Экөөнү өзүм чоңойтконум үчүн алар мага өтө ынак, жакын.

Той болот, тойдун эртеси да болот демекчи тойдон кийин да бир ай Москва шаарында туруп калдым. Москва шаарында убакыт өтө тез өтөт экен. Эрте менен жумушка кетип, кеч келишет. Эс алуу күндөрү гана бир аз өз жумуштарын аткарып, шаар айланып эс алышат. Кимиси бош болсо, ээрчитип кетишет. Москва шаарынын көп жерлерин айландым. Кооздугуна чек жок. Канайым сиңдимдин кызы Роза ээрчитип алып, көп жерлерди көргөздү. Үч саат кемеге түштүк. Эстелик болсун деп сүрөттөргө түштүк. Салтанат келиним да таттууларын көтөрүп келип жатты. Экөөбүз КРЕМЬге

барып айланып, сүрөткө түштүк. Жердин үстүнөн да, алдынан да транспорт, элдерди көрүп таң калдым. Баардыгы өз орду, өз убактысы, өз иштери менен тартипти сактаганы мага аябай жакты.

«Тил билсең, дил билесиң»,- дегенине дагы бир жолу ынандым. Орус тилин билбегениме, сүйлөй албаганыма өкүндүм. Сейилдеп жүргөн орус аялдар менен сүйлөшкүм келди. Ошентсе да бирөө менен таанышып, сүрөткө түштүм. Үқ жашка чыктым, атым Людмила деди. Сүрөткө тартып койчу деди. Телефонуна жакшы кылып тарттым, гүлдөрдүн арасында. Анан ал кел экөөбүз да түшөлү деп, экөөбүз сүрөткө түштүк. Сүйлөй албасам да, кыймыл аракетинен түшүнүп жаттым. Москва шаарынан орус элин өтө аз көрдүм. Көбүн мигранттар түзөт экен. Кыргыз, тажик, өзбек жана башка улуттар. Метродо жүргөндү да үйрөнүп алдым. Жол алыс дедирбей заматта шаардын бул четинен аркы четине алып барып коет экен. Адам баласы бирөө жакшы кийинип алса, мен да ушундай кийинсем ээ дегендей, биздин Кыргызстанда да ушундай метро болсо деп эңседим. Абдыкапар чоң атаман таркаган урпактардан ар бир үй бүлөөдөн жок дегенде әден адам Москва шаарында иштешет. Мен улуу болгон үчүн көптөн бери көрбөгөн туугандарым абже дешип келип кабар алып жатышты аябай сүйүндүм. Адамдын мээри көзүндө деген макалга ынандым. Адамдын кабары бар такыба туугандарым да бар. Ыймандан кабары бар такыба туугандарым да бар. Деги эле баарына айланып, үргүлүп эле жаттым.

Эң кичүү иним да Москва шаарында көптөн бери. Үй бүлөөсү менен иштеп, жашашат. Кичипейил эркетайым Сыргакбек эл ташып, таксист. Кели-





**Абдыгапар жана Үнүмгүлсүн**



**Эрбай жана Арзыкан**



**Бегайхан уулу Нурлан менен УМРАда жүргөн учур**



**Рабия**



Чоен, Санамкан жана Эрбай



Эрбай, Батыр,
Санамкан жана Кайры



## Мамазаит жана Лайли



Байыш жана Саткын
Меккеге жөнөп жаткан учуру



**Мырзабек жана Анаркүл**



**Мария**



Санамкан



Бегай сиңдиси Канай менен

ним Нуржамал кошумча жумуштарда иштеп, көп убактысын чыгармачылыкка жумшайт. Китептери чыгып, жүрөккө жете турган чыгармаларды жазат. Жан дүйнөсү таза, ийгилик коштогон адамдар менен кошо жүрөт. Жароокер келиним жылдызы жанып, көптөгөн бийиктиктерге жетсин! Сыргакбек иним үй бүлөсү менен бакубат жашоодо жашашына тилектешмин. Ар дайым жолдору ачык болсун!

Эрбай кызы Айсалкын, Байыш уулу Айбек, Закир уулу Талант, Чоен кызы Чынара, Койчубай уулу Мирбек сыйлап жатышты. Аллахым ыраазы болсун! Жолукканда чер жазып сүйлөшүп жаттык

Канай сиңдимин жалгыз уулу Максатка

- Сени жакшы ниет менен атыңды Максат койгонбуз. Кана айтчы, сенин кандай максаттарың бар?

- Таэже азыр сушиде иштеп жатам. Буюрса Кыргызстанга барсам, ушундай ишкана ачам, - деди.

Аллахым ак тилегиңди кабыл кылсын деп, батамды бердим. Канайым Шухрат экөө неберелерин багып, балдарынын амандыгын тилеп, тиричилик кылышат. Сыртта жүргөн мигранттардын балдары биринин атасы, биринин апасы, эжеси багып, толук кандуу ата энеси менен жашабаган балдарга кыйын болду.

Россияга келип, кыдырып, бай жана кооз шаар экенине ынандым.

Эй, Россия, Россия бир боор энем,
Биз өңдүү тоо кушуна койнуң кенен,- деген ыр саптары эске түштү.

Кыргыз жарандарыбыз иштеп, өз элине миңдеген акчаларды салып жатышат. Бийик үйлөрдү куруп, ишканаларды ачып жатышат. Мен бул

шаардан мигранттар бир гана иштеш үчүн келгендей сездим. Чарчашса чарчап, кубанса кубанып жаттым. Ар таңда ак бата берип, жакшы иштеп, тынч аман мекенибизге кайтышын тиледим.

Кудайым ушунчалык өмүр, ырыскы берип, элдердин арасында туугандарым менен ынтымакта бактылуу кылып жашатканына Аллах Таалага миң мертебе шүгүр кылам. Аллах Таалама чексиз-чексиз шүгүрлөр болсун. Чоң атаман таркаган бардык туугандарым да аман-эсен болушсун.



## ТАЛДЫК АЙЫЛЫМДА ӨТКӨН БАЛАЛЫГЫМ

Биздин Талдык айылында элдер отурукташкан мезгилде өкмөт барашка үй курган. Ортосу узун коридор эки бетинде бир комнатадан үй. Бир комната үйгө бир үй- бүлөө жашайт. Ал үйдө биздин жердештер барак үй деп коюшчу. Ал үйлөрдө канчалаган адамдар жашады ар улуттан. Ар кайсы улуттан болсо да, бир туугандай жашашчу. Татар, орус, чечендер келип, көп жыл жашашты. Асран деген татар киши азыркы Асилбек, Сонунбү эжелер жашаган үйдө жашайт эле. Фарид, Минахмат, Ираис, Гүлжавхар деген балдары бар эле. Асран аке өтүп кетти, кемпири балдары менен көп жыл жашашты. Фарид аке Римага үйлөндү. Биздин медпуктда медайым болуп, көп жыл иштеди. Гүлжавхар кызы экөөбүз тең элек. Бирге мектепке барабыз. Аданбай кызы Малике, Аким кызы Рабы, Анарбай кызы Карамат досторум эле. Анда жер ушунчалык кең эле же адамдар аз бекен?

Кыздар, балдар топтолуп, сайда топ чапмай, өрдөк мерген, кубалашмай ойноп, оюнга такыр тойбочу экенбиз. Ошол убакта свет движок менен жанат эле. Түнкү саат 12де өчүрөт эле. Калыкбай аке иштейт эле. 12де свет өчкөндөн кийин чырак тамызып китеп окуйбуз. Эрте менен туруп мал анан торпокторду айдайбыз. Таңкы шүүдүрүмгө буттарыбыз суу болот эле. Күн чыкканда кайра кургап калчу. Азыр ойлосом ошол таңкы шүүдүрүмдө дарылык касиет бар экен. Жалбырактын суусу биздин буттарыбызды дарылап жүрүптүр.

Кийин бир медайымдан уктум пайдалуулугун. Аллахым бизди дарылачу экен деп калдым.

Абдыкапар уулу Мурзабек келбетүү, тактыкты сүйгөн, сүрдүү, темир уста болгон. Эл соту да болчу. Айылда кимдин чечилбеген иши болсо чакырышчу. Кайсы жерде болсо калыстыгын айтып, тура чечим чыгарчу. Бир сөзүн эки кылбай чечилген чечими күчүндө калчу. Байбичеси Анаркүл да сөзгө чечен, шайыр, мээнеткеч аял болчу. Мурзабек атамын Никита Сергеевич деген орус досу болчу. Кыргызчаны так сүйлөгөн адам эле. Аны биз аяш ата дечүбүз. Аялы Лиза кыргызча түшүнүп, бирок жооп бере албайт. Анаркүл апам орусчаны жакшы сүйлөйт эле. Көп балалуу, мал чарба да чоң болгон үчүн балдарын чоң окуу жайларга окута албады. Талантуу, тиричиликке тың балдарды тарбиялашты. Ынтымагы бекем болуп, бири-бирине күйүмдүү, биргеликте кеңешип иш алып барышат.

Абдыкапар уулу Мамазаит да келишимдүү, жөнөкөй, адамгерчиликтүү жакшы адам болгон. Лайли чоң энебиз менен чогуу өмүрлөрүнүн аягына чейин бири бирин сыйлап, бакубат өмүр сүрүштү. Алты баланы тарбиялап, совхозго чоң салым кошушуп, чарбадар эле. Бозулан баласы атасын тартып, чарбадар, баары атасына окшошуп, байбичеси менен бакубат өмүр сүрүп жатышат.

Камалдин да үнү сонун, ыдаганы баарыбызга жагат.

Абдыгапар кызы мария да сулуу, чыйрак болгон. Жездем Осмон менен бир уулдуу болушкан. Гүлжигит Таалайканга үйлөнүп, алты уул небе-



релүү болгон. Абдыкапар уулу Чоен агам 44 жашында өтүп кетти. Чоен да, өтө берешен, шарт сүйлөгөн, колу ачык адам эле. Санамкан жеңе менен сегиз баланы тарбиялап чоңойтушту. Ажалга арга жок дегендей балдарды багып, эшикте эркек, үйдө аял болду. Канчалаган кыйынчылык болсо да, сабырдуулук менен баарын жеңди. Закир атасына окшош.

Санамкан жеңем азыркы кезде эң улуу аксакал байбиче болуп, төрдө сый көрүп жаткан учуру. 90 жашка чыгып, небере, чебере сүйүп, бакубат жашап жатат.

Абдыкапар уулу Эрбай да байбичеси Арзыкан экөө тиричиликке тың үй-бүлөө. Айдоочу болуп балдарын бакты. Жеңем төгөрөгү төп келген, айкөл жан. Жети баланы тарбиялашты. Уулдары да айдоочу. Кайын ата, кайын эненин батасын алган жеңем, балпайган байбиче. Азыркы кезде экөө тең пенсияда, сый урматтын үстүндө. Эрбай агам, Арзикан жеңемдин үйүнө барсам, чоң ата, чоң энемди көргөндөй болом. Эрбай агам Мургабка каттаганда аркардын этин алып келчү эле. Ал кезде муздаткыч жок. Чоң чарага салып, кроваттын түбүнө коер элек. Жайында унга булап, ун салынган каптын ичине салат элек, чымын конбосун деп. Чоң ата, чоң энемди, бизди аркардын эти менен баккан Эрбай агам.

Чоң атам Абдыкапар, чоң энем Аширкандын кызы Рабия да Жаныбек жездебиз менен көп жыл өмүр сүрдү. Жаныбек жездеме жабышкан оору акыры алып тынды. Ажалга арга жок, 62 жашында кайтыш болуп калды. Төрт кыз, бир уулу калды

артында. Уулу Бактыбек чоң бизнесмен. Апасы Рабияны да Бишкек шаарына алып кеткен. Улуу агалары өтүп, азыр Эрбай агам эле калган. Кел деп чакырып сыйлап турат. Улуулардан үлгү алган балдар да эжебизди сыйлап, урматташып кабар алып турушат. Бишкектен Ошко барса, койлорун союп, сыйлашат. Аллахыма миң мертебе шүгүр.

Талдык айылым кооз, эли да жөнөкөй. Барак үйдүн алдына медпункт ачылды. Ал жерге Катя деген медайым иштегени келди. Баарыбыз Катя апа деп ээрчип алабыз. Сулууча келген, жакшы аял. Совхоздун башкармалыгынан сурап токулган ат менен айыл кыдырып, элдин ден соолугунан кам көрөт. Ошондой эле алыстагы чабандардан кабар алат. Ал кезде машина деген аз. Бара- бара заман өзгөрүп, машиналар көбөйө баштады. Мурунку движок турган жер устакана болду. Ильич шамы деп электр зымдары тартылып, айылга свет келди. Ошондогу элдин кубанычы чексиз болгон. Бойго жеткен кымча белдүү кыздар ЗАГС дегенди билишпейт эле. Грузовой жүк ташуучу машина менен эле көчүрүп барып койчу. Айыл кичинекей болгону менен ичи кызыктуу болчу. Медпукт, дүкөн, клуб айыл ортосунда жайгашкан. Концерт тез-тез болуп турчу. Концерт койгону келгендер клуб башчысы Абдыкалык Анарбаевге кайрылышчу. Өзү да гитара чертип, акардеон тартып элге жагымдуу маанай тартулоого өз салымын кошот эле. Башчы болгону элге тынбай кино койчу. Индийский кинону чогулуп барып, аябай кызыгып көрчүбүз. Ошол кезде « Таштагы гүл» деген кино аябай популярдуу болгон. Кино



жөнүндө талкуу бүтпөчү. Ал заман башка эле. Айтып бүткүс жомок. Кайталангыс балалыгым. 70 жаштан ашсам да, азыркы күнгө чейин баары эсимде. Мен чоңойгон үйүмдүн орду да жок. Анын ордуна заңгыраган үй салынган короосунда урпактары жашайт. Небере, чебере, келиндери ордун жоктотпой түтүн булатышат. Мен сүйгөн Эрбай агам, Арзикан жеңем бар. Кээде сагынып барам. Жеңеме бир жолу барганда таш булактан суу ичким келди дедим. Экөөбүз ээрчишип булакка бардык. Таш булактын чыккан жерине үк жылдан ашса керек. Мен жаш кезимден суу ичкен таш булак эч өзгөрбөптүр. Шылдырап, туптунук муздак суу агып жатат. Жанында таш дале турат. Ташка олтуруп, суудан ичип, кере-кере дем алдым. Көпкө олтурдум. Эс тартканымдан бери чакалап, бакан менен суу ташыган кездерими эске салдым. Жамгыр жааган күндөрү араң алып кетчү элем. Мени канча жолу ыйлаткан биздин полковник Баатыр шок эле. Жаңы эле эки челек сууну араң алып келсем, суга жаман топурак же кургаган тезек салып таштачу. Аны кубалап, урушуп ыйлактап кайра суга барат элем. Чоңойгондо кечирип койчу, ал кезде жаш экенмин да деп. Бала кезде кызык окуялар көп болот эмеспи. Бир күнү үйүбүзгө конок келди. Койчубай да үйгө келет. 3- 4- класстагы окуучуларбыз. Аш демдедик. Дасторкон жайылып, ашты бизге бир табакка салып чогуу жегиле дешти. Аш жей баштадык. Бир убакта Койчубай азыраак алсаң дейт. Колуму карасам чеңгээлим толо аш, өзүм байкабапмын. Уялсам да сыр бербей жеп койдум. Талашып, бир табактан

тамак жеген баарыбыз өз алдыбызча ар кимибиз ар тараптабыз. Жеңем экөөбүз өткөн кездерди сүйлөшүп көп олтурдук. Көбү азыр жок, элестери гана жүрөгүбүздө жашап калды. Ушунча болду деп көзү өткөндөргө куран окудук. Үйгө кайттык. Өзүмдү жеңил сезип, ошол доорго барып келгендей болуп, балалыгыма кайтып барып келгендей сүйүндүм. Ээх, балалыгым....

Айылымдагы жакшы адамдарды айтып болгус. Эген деген ага бар болчу. Анын үйүнө чөлдөн Ташмат деген киши көчүп келди. Дыйканчылыкка берилген мыкты адам экен. Талдыктын топурагын бир чеңгел алтынга да алмашкыс деп айткан экен. Биздин айылдын элдери эч нерсе менен иши жок. Ташмат ага жер айдап, сабиз эгип, мол түшүм алат. Анан эл да үйрөнүп, дыйканчылык кыла башташат. Биздин Арзикан жеңебиз да аябай сонун карап, дыйканчылыктан алдына адам салбайт. Жеңеме кошумча Ташмат деп атына улашып, лакап болуп калды. Тергегендер Ташмат жеңе дешет. Атына заты жарашкан жеңем менин сырдашым. Аллахым узун өмүр берсин!

Мурзабек атам 11 баланы багып чоңойтсо, ичинде эрке кызы Канай өзгөчө болчу. Эң улуусу мен болсом да, чоң атамын колунда чоңойгом. Бирде Канай биздин үйгө келсе, короодо жаткан ит аны тиштеп алат. Ал ыйлап үйүнө кетет. Кеч атам келгенде арызданып ыйлайт. Эрке кызын тиштеген итке ачууланган атам короодогу койду карышкырдан коргоо үчүн берилген мылтыгын алат да, биздикине келет. Түн жарымда жаткан баарын чочутуп, эшик алдында жаткан итти атып



таштайт. Ушунчалык кызын жакшы көрөөр эле раматылык Мурзабек атам....

Айылда дагы Мала молдо агабыз бар эле. Беш убак намазын окуп, балдарга да үйрөтөт эле. Эрбай уулу Максатбек, Асилбек уулу Асан, Байыш уулу Нургазыга жана башка көп балдарга араб тамгасын үйрөтүп, куран үйрөтчү. Канчасын окутса да бирөө чыгат экен да. Нургазы такыба молдо болуп чыкты. Ким намаз окуйм десе, раматылык Мала молдо намазга жыкты. Аллахтын өкүмдөрүнө баш ийип, көп адамдар намаз окуп калышты. Эркектери үйрөнүп, аялдарына үйрөтүп көбү намаз окуй башташты.

Аалымдардын жазганын окуп калган элем.

Бир аалым он балага сабак берет. Окутат, жаздырат, баарын үйрөтөт. Окуусун аякташат. Билимдүү, илимдүү болушат. Окууну бүткөн он баланы аалым чакырат. Он балага он ток берет да, ушул тоокторду эч кимге көрсөтпөй союп келгиле дейт. Баары ар тарапка кетишет. Тогуз бала союп алып келишет аалымга. Бир гана бала сойбой кайра көтөрүп келет. Таңдангандай аалым – Ии, балам сен эмнеге сойбодуң? -, деп суроо берет.

- Кечириңиз, устазым. Кайсы тарапка барсам да, Аллахым көрүп турат да,- дейт. Аллахым ошол баланын жүрөгүнө хидаят берген экен. Өзүнүн болгон илимин берип окуучуларына ак батасын берип, иштерине ийгилик каалап жөнөтөт. Жакшы окуган окуучусу аста басып келет. –Устаз, айтыңызчы, мен кандай окудум? – Сенби? Сен аябай жакшы окудуң. Сен чоор аалымдардын катарын толуктайсың дейт. Анан жүзүнө карап туруп, жаа-

гына чаап жиберет. Тарбия көргөн окуучу эч жооп айтпайт. –Жөнө, уруксат сага,- дейт аалым. Күндөр, айлар, жылдар өтөт. Туш-тушка кеткен балдар да артынан шакирттерин өстүрүп, эл оозуна алынган аалымдардан болушат. Арадан көп жыл өтүп, баягы окуучунун атагы, даңкы чыга баштайт. Бир күнү аалым жанагы шакиртине барат. Устазын урмат-сый менен тосуп алат. Ыймандашып олтуруп, шакирти устазынан сурайт. – Устаз, биз бүтүп ар тарапка жөнөп жатканыбызда эмнеге жаагыма чапкансыз? Азыркы күнгө чейин мага табышмак дейт. Устаз шакиртин карап – Көрдүңбү, сени жаштайыңан карап, илимге суугарып, сага болгон эмгегимди айтпайсың. А бир жолку шапалагыңды өмүр бою унутпайсың. Адамдын көңүлү ушундай. А мен сенин ушундай даражага жетишиңди билгемин,- дейт.

- Караңызчы, кандай гана даанышман аалым. Илгерки адамдар заманды алдын ала билгендей сүйлөшкөн экен.



## МЕЗГИЛ ӨТСӨ ДА, ӨТКӨН КҮНДҮ ЭСТЕГЕН ЖАКШЫ

Өмүр өтө берет экен. Сырдашып сүйлөшкөн адамың менен олтурсаң баары эске түшөт экен. Азыр заман өзгөрүп, кийинки муундарга айтып берсең жомоктой сезишет. А ошол жомокто бүтүндөй чындык бар экенин жүрөктөрү менен сезип, өз ата- бубаларын унутпай жүрүшсө деймин. Ар бир эсимде болгонун айтып, жазган сайын жеңилдеп жаттым. Азыр мен 73 жаштамын. Эрбай агам экөөбүздүн билгендер унутулуп кетпесин, кийинки урпактарга жетсин деген ниетте айтып жатам. Чоң атаман тарагандардын ар биринин жашоосу өзүнчө тарых. Кызыгып мен жазгандарды улантып, жазышса деп тилейм. Ар бир үйдө ушул журнал турса, чоң атаман таркагандарды билип алышса дейм. Улуу муундан уккандарды кийинкилерге жеткирүү биздин милдет. Ар бир жазганымды келиним Нуржамалга дайындап, журнал кылып чыгаруусун сурандым. Нуржамал келиним да чыгармачылык менен аралашып, ыр, проза, новелла жазып келет. Ырларына обон чыгып, ырдалып жүрөт. Китеп, журнал, газеталарга ырлары байма-бай чыккан сайын кубанабыз. Дүйнөлүк Жазуучулар Союзунун мүчөсү, мазмундуу, жүрөккө жеткен чыгармалары менен сый- урматка ээ. Нуржамалга да чыгармачылык ийгилик каалап, ак батамды берем.

Жаркылдап суранычымды четке какпай, кубануу менен макул болду. Жүрөгүм жылып, кубандым.

Деги эле адамзатынын ар биринин жашоосу тарых. Уучубуз кур эмес, Алла Таалама миң мертебе шүгүр. Абдыкапар чоң атамын урпактары атын өчүрбөй кылымдарга жашашсын.

**P.S.** Мен чоң атамын сүйүктүү небереси болгонмун. Азыр чоң атамы жакшы билгендерден Эрбай акем экөөбүз калдык. Кийинки муундар билип жүрүшсүн деген максатта жаздым.



## ЖАН ДҮЙНӨМӨ ТЫНЧТЫК БЕРБЕГЕН, ЖӨНӨКӨЙ ЫР САПТАРЫМ...

Мен чынында акын эмесмин,
Ыр жазып, китеп чыгарган.
Жүрөктөн чыккан сөздөрүм,
Жакындарыма арналган...

Бүт жер жүзүн КОВИД оорусу каптап, өз үйүбүздөн эч жакка чыга албай камалып калдык. Мектеп, мечит, ишканалар бүт жабылды. Элге өтө кыйын болду...

Олтурам терезе түбүндө,
Ой жүгүртүп, өткөн күнүмө.
Нөшөрлөп жамгыр төксө да,
Эч нерсе сыйбайт көңүлгө.

Аллахым өзүң кечиргин,
Жахилят кылган күндөрдү.
Капарсыз уктап биз жаттык,
Ибадат кылбай түндөрдү.

Өзүңө ибадат кылалы,
Жаркылдап үйдөн чыгалы.
Кыянат кылбай аманатты,
Уул кыздарга суналы.

Ыймандуу болсун элибиз,
Мол түшүм берсин жерибиз.
Ибадатты көп кылып,
Эки дүйнө жарык болсун жүзүбүз.

## ЖАРКЫНАЙГА АРНАЛАТ

Айдын жарык күнүндөй,
Айжаркын сенин атың.
Жүрөгүндө сакталат,
Мен жөнөткөн катым.

Эне ордуна эне болдум,
Эже ордуна эже болдум.
Тагдырыбызда бар экен,
Мага сүйүктүү келин болдуң.

Коштоп бактым небере,
Жөн турбадың сен деле.
Бойго жетип уул-кызың,
Талпынышат келечекке.

Бактысын берсин Кудайым,
Табылып калсын жупташың.
Балдарга боорун толтуруп,
Кош канат болсун ылайым.

## УЛАН УУЛУМА АРНАЛАТ

Телефон чалса жан балам,
Сөздөрүн угуп жалбарам.
Уул- кызы менен болсо дейм,
Чогулуп баары кайрадан.
Ар күнү тилек кыламын,
Өмүрлүү болгун ылайым.
Жортсондо жолуң болсо экен,
Жарыгым менин кыраанын...



## ТУРСУНАЙ КЫЗЫМА

***Кош бойлуу эле кызым. 4 кыздын сүйүктүү апасы. Уулун төрөөрдө, кызым толготуп жатканда жазылган ыр саптар.***

Аллахым берген казына,
Куш көрсүн, Кудай сага да.
Отуз омурткаң сыздап,
Күч толгоого кызым,
Күч кубат берсин Кудайым,
Кызым ай, бир аз чыдагын.
Кыйналып тууган баландын,
Өмүрү, ыйманын берсин ылайым.

Бала аман төрөлсүн,
Өздөрүнөн көбөйсүн.
Кабыл болуп, өзүңө,
Мээримиңе бөлөнсүн.

Төрт тарабы төп келген,
Ырыскысы көп болгон.
Ата –энесине эркелеп,
Башына бакыт куш конгон,
Бала болгун садагам.

## АКЫНДАРДЫН АЙТКАНЫ ТУУРА АР БИР ЫР – ТАГДЫР

***Бул ырдын автору белгисиз. Сонун ыр.***

Кыркымда кыска кийсем жарашабы?
Кыздарым суктана карашабы?
Мүрөк суусун берип жашартышып,
Уул-кызым карылыкты талашабы?

Элүүмдө жерден алып жеңилимди,
Буюрса тосуп алам келинимди.
Бул күнү ак тоюма күбө болуп,
Туугандар узартышат өмүрүмдү.

Алтымышта кийип алам ак элечек,
Артымда неберелер кең келечек.
Балпайып төрдө олтурган байбичемин,
Кадырлап уул-кыздарым апакелеп.

Жетимиште кыска нуска сүйлөп калам,
Буюрса, неберемди үйлөп калам.
Кастарлап, энекелейт неберелер,
Кадырлуу карылыкта гүлдөп жанам.

Сексенде бүт айылга сакалдуумун,
Көйкөлгөн кымкап чапандуумун.
Буюрса, Умай эне болуп калам,
Сөз багып гүлүн терип макалдуумун.

Токсонумда сайма сая өздөштүрөм,
Небере чөбөрөлөрдү көздөштүрөм.



Эл-журтум узак-узаак жашасын деп,
Өмүргө сээп калам өлбөс үрөн.

Кичи мекенине, атага, бир туугандарга, туу-ган-уруктарына, досторуна болгон сүйүүсүн баяндап берген, уйкаштыра ыр жазган, сөздөрдү куюлуштуруп айткан, ислам динин бекем туткан, көптөгөн кыз-келиндерге сабак өткөн, жароокер, боорукер, сүйүктүү апа, сүйкүмдүү чоң эне, таене, сөзгө чечен, ажарлуу ажы эжебиз Абдыкапарова Бегайхан.

## СЫЙЛАЙ БИЛ!

Ата-эне аска-зоо, жашыл белес,
Өтүп кетсе, бул дүйнөгө кайтып келбес.
Сыйлай бил, өмүр тиле, бассаң, турсаң,
Сен үчүн мээримдери жумшак кебез.

Ата-энең бар көтөрүңкү көңүлүң,
Сага арнаган, өтөп келген өмүрүн.
Сен да каала, ата-энеңе узун жаш,
Кызматына кызмат менен төгүлгүн.

Ушул ыр саптарын баарыңыздарга ыр десте кылып арнаймын.

Сыйлашалы, жашообузду шаңга бөлөйлү.

Оозубузду толтура АТА, АПА дейли. Ушул сөздөрдү айтуу биз үчүн чоң бакыт. Бар болушсун бейиштин эшигин ачкан ата-энелер!

Ата-энелерге сүйүүбүз чексиз, таазим кылабыз!

Билер болсоң кадырымды ачык айт,
Билейинчи, өлгөндө эмес азыр айт.
Ысык денем муздап жерге кеткен соң,
Ыйлаганың бир тыйынга татыбайт.

*Жеңишбек Жумакадыр*

Деген ыр саптары айткандай ата-энени көзү тирүүсүндө сыйлай билели. Күндө эркелетип, ден-соолугун сурайлы. Кээде белек берип, кучактап бекем кысалы. Аларга биздин жакшы гана сөзүбүз керек, жакшыларым. Жашоо агып жаткан суу сыяктуу. Бүгүн көргөн инсаның эртеге болбостугу мүмкүн. Жакындарыбызга, туугандарга, досторубузга, деги эле адамдарга таанысаң, таанымбасаң да жакшы сөз айтып, жакшылыгына, ийгилигине кубанып, колдоп коштойлу. Анткени, бул дүйнөгө сен да устун боло албайсың...

Дагы бир баса белгилей кетчү нерсе жакында эжемин тун баласы Токтосунов Нурлан эжеми УМРАга алып барып келди.

Өз билгенин унутпай эстеп жүрүшсүн деген, чоң атабыз, ар бир ата тууралуу кеңири маалымат берген, ажы Бегайхан эжеме, болгон жардамын берген синдиси Канайым эжеме да терең ыраазычылык билдиребиз. Аллахым узун өмүр берсин! Бакубат карылыктын доорун сүрүшүп, сый үстүндө жүрүшсүн.



Москва шаарында эмгектенген чоң атабыздын небере,чеберелирене да терең ыраазычылык билдиребиз.(Айсалкын эжеме, Сыргакбек, Мирбек, Чынара, Айбек, Нургазы, Акбар, Медербек, Нурила, Канжарбек, Мунарбек жана келиндери). Кичинекей китепчени чыгарууга өз салымдарын кошушту. Бар болгула, атактуу атанын урпактары!

Урматтуу, жакшыларым! Баарыңыздарга узун өмүр, чың ден-соолук, бакубат жашоо каалаймын. Уулдардын урматын, кыздардын кызматын көргүлө! Небере, чебере, кыбыра көрүп, жытын искегиле. Жакшылык, ийгилик коштоп, кубаныч, бакыт менен жанашып жашагыла!

Сиздерди урматтоо менен

*Айтбаева Нуржамал Шараповна*
*28.03.2023ж.*
*Москва шаары.*

## МАЗМУНУ

Өмүрдүн эң сонун учуру – ата-эне менен бирге өткөргөн мезгил........ 3
Астра гүлү........ 4
Аты улук Абдыкапар чоң атам........ 5
Москва шаарындагы эс алуум........ 18
Талдык айылымда өткөн балалыгым........ 23
Мезгил өтсө да, өткөн күндү эстеген жакшы........ 31
Жан дүйнөмө тынчтык бербеген, жөнөкөй ыр саптарым... ........ 33
Жаркынайга арналат........ 34
Улан уулума арналат........ 34
Турсунай кызыма........ 35
Акындардын айтканы туура........ 36
Ар бир ыр – тагдыр........ 36
Сыйлай бил!........ 37

*Көркөм басылма*

**Айтбаева Нуржамал Шараповна**

**ЭНЕ - ЭС АЛУУЧУ БАК,
АТА - СҮЙӨНҮҮЧҮ ТОО**

Техникалык редактору Турсунбаев К.З.
Калыпка салган Адилет Кеңеш уулу

Офсет кагазы. Форматы 84х1081/32. Көлөмү 9,4 басма табак.
Нускасы 200 даана. Заказ № 74.

«Newton» ишканасында басылды
(ЖИ Замирбекова Э.Ш.).

20с

